**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
ӨТКӨРҮЛДҮ
КҮБӨЛҮК
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
« 5 » 02 2025 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № 836-К
Дата первичной регистрации 26 07 1951

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025 -ж. « 29 » 01
№ 100/1 буйругу менен

# Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

# УСТАВЫ

**Бишкек - 2025**

1. **Жалпы жоболор**
2. **Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети, максаты жана милдеттери**
3. **Университеттин структурасы**
4. **Университеттин билим берүү кызматтарынын тизмеси жана аларды көрсөтүүнүн тартиби**
5. **Университетке кабыл алуу тартиби.**
6. **Университеттен чыгаруунун тартиби**
7. **Университеттеги окуу процессинин уюштурулушу. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**
8. **Университеттин кызматкерлери**
9. **Университеттин илимий ишмердүүлүгү.**
10. **Университеттин илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу.**
11. **Университеттин органдары, алардын компетенциялары жана башкаруу тартиби.**
12. **Университеттин мүлкү жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү**
13. **Эл аралык ишмердүүлүк**
14. **Социалдык маселелердин чечилиши**
15. **Университеттин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу локалдык актылардын түрлөрү**
16. **Корутунду жоболор**

## 1. Жалпы жоболор.

1.1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (мындан ары - Университет) 1925-жылы Агартуу Институту болуп негизделген.

1.2. Кыргыз агартуу институту 1932-жылдын 13-январында М.В. Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтуна өзгөртүлгөн.

1.3. М.В.Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту 1951-жылдын 21-майында Кыргыз мамлекеттик университетине (КМУ) өзгөртүлгөн.

1.4. 1972-жылдын 11-декабрында КМУ СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине өзгөртүлгөн.

1.5. СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУ 1993-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине (КМУУ) өзгөртүлгөн.

1.6. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 11-майындагы Жарлыгына ылайык КМУУ Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети болуп өзгөртүлүп, "Улуттук" макамы ыйгарылган.

1.7. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 Жарлыгы менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине өзгөчө макам ыйгарылды.

1.8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети билим берүү жаатындагы Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катарында (мындан ары - Түзүүчү) Университеттин түзүүчүсү болуп саналат. Университетти башкаруучу мамлекеттик орган болуп, билим берүү жаатындагы Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - Түзүүчү) саналат.

1.9. Университет табигый - илимий жана гуманитардык билим чөйрөлөрүнүн кеңири спектри боюнча жогорку, орто, ЖОЖдон кийинки, кошумча кесиптик билим берүү жана ЖОЖго чейинки билим берүү чөйрөсүндө билим берүүчү, илимий-изилдөөчү, маданий - агартуучу жана башка иштерди жүзөгө ашыруучу жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү мекемеси болуп саналат.

1.10. Университет - Кыргыз Республикасындагы элдердин маданий мурасынын объектиси, билим берүүнүн, илим менен маданияттын ири борбору, профессорлордун, окутуучулардын, илимий кызматкерлер менен университетте билим алуучулардын чыгармачыл коомчулугу.

1.11. Университет өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары менен буйрутмаларын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору менен буйрутмаларын, Кыргыз Республикасынын жогорку, орто кесиптик билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө жоболорду, дагы башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.12. Университет билим берүү, илимий изилдөө, маданий-агартуучулук, өндүрүштүк-коммерциялык, административдик, финансылык-экономикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүдө, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда, анын ичинде адам ресурстары менен активдерди башкаруу маселелеринде, билим берүүчү жана башка ишмердүүлүктү колдоо үчүн бюджеттик жана атайын каражаттарды башкарууда, ошондой эле билим берүүчү, илимий жана башка ишмердиктин кадрларын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана ушул Уставда аныкталган тартиптердин чегинде тандап алып, бөлүштүрүүдө көз карандысыз.

1.13. Университет юридикалык жак болуп саналат, өз алдынча балански ээ, КР Мыйзамдарына ылайык ачылган банктарда, казыналык мекемелерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ачылган улуттук жана чет өлкөлүк валютада эсеп-кысап эсеби бар, оперативдик башкаруу укугунда обочолонгон мүлккө ээ.

Университеттин уюштуруучулук-укуктук формасы – мекеме. Менчик формасы – мамлекеттик.

1.14. Университет өзүнүн толук аталышы менен, идентификациялык салык органы көрсөтүлүп, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү менен болгон мөөрүнө ээ. Университет дагы башка мөөрлөргө, штамптарга, өз аталышы менен бланкка ээ болууга, ошондой эле белгиленген тартипте катталган эмблемага жана башка жекелештирүү (индивидуалдаштыруу) каражаттарына ээ болууга укуктуу. Университет өз атынан мүлктүк жана өздүк мүлктүк эмес укуктарды сатып ала алат жана ишке ашыра алат, милдеттерди алып, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

1.15. Университет өзүнүн милдеттенмелери боюнча оперативдүү башкаруу укугунда болгон бардык мүлктөр үчүн - менчик ээси катарында ЖОЖго бекитилип берилген мүлккө, ошондой эле киреше алып келүүчү иштерден түшкөн кирешелердин эсебинен алынган мүлктөр үчүн жооп берет.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Устав Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.

1.16. Университет күнү – 31-май Университеттин жамааты жыл сайын белгилөөчү майрам болуп эсептелинет.

1.17. Университеттин толук аталышы:

Мамлекеттик (кыргыз) тилинде - Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;

расмий (орус) тилинде - Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына;

эл аралык кызматташуу тилинде (англис тили) - Kyrgyz national university named after Jusuph Balasagyn.

Университеттин кыскартылган аталышы:

Мамлекеттик (кыргыз) тилинде - Жусуп Баласагын атындагы КУУ;

расмий (орус) тилинде - КНУ им. Ж. Баласагына;

эл аралык кызматташуу тилинде (англис тили) – KNU named after Jusuph Balasagyn.

1.17. Расмий дареги:

Мамлекеттик (кыргыз) тилинде - Кыргыз Республикасы, 720033 Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547, WEB-сайты: http //www.knu.kg/ky

расмий (орус) тилинде - Кыргызская Республика, 720033 г. Бишкек, ул. Фрунзе 547, WEB-сайт: http //www.knu.kg/ky

эл аралык кызматташуу тилинде (англис тили) - Kyrghyz Republic,720033 Bishkek, Frunze str., 547 WEB site: http //www.knu.kg/ky

## 2. Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети, максаты менен милдеттери

2.1. Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети:

- мектепке чейинки, негизги, жалпы орто, орто, жогорку кесиптик, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн, кошумча кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүүчү программаларын ишке ашыруу;

– инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу;

– илим менен билим берүүнүн эл аралык илимий изилдөөчүлүк жана билим берүү мейкиндигине интергацияланышына көмөктөшүү;

– Кыргыз Республикасында илим менен билим берүүнүн өнүгүүсүн илимий-методикалык жана кадрдык жактан камсыздоо, Университеттин алдынкы чет өлкөлүк билим берүүчү жана изилдөөчүлүк борборлоруна карата атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу;

– университеттин билим берүү тармагында алдыңкы изилдөөчү, социалдык багыттагы университет катары позициясын бекемдөө;

– Университетти ар түрдүү багыттагы илимдер жаатындагы фундаменталдуу илимий жана эксперттик-аналитикалык изилдөөлөр борбору катарында өнүктүрүү.

### 2.2. Университеттин максаты:

– билим алуучуларга сапаттуу билим алуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү;

– илимди жана илимий-педагогикалык кызматкерлер менен билим алуучулардын илимий изилдөөлөрүн өнүктүрүү, алынган натыйжаларды билим берүү процессинде колдонуу;

– инсанды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын, илим менен тажрыйбанын жетишкендиктеринин негизинде өнүктүрүү жана кесиптик жактан калыптандыруу;

– коом менен мамлекеттин квалификациялуу адистерге болгон муктаждыгын канааттандыруу;

– илимий изилдөөлөрдү, эксперттик, аналитикалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле заманбап илимий билимди коомчулукка жайылтуу;

– инфраструктуралык объектилерди жана/же инфраструктуралык тейлөө кызматтарын түзүү жана/же модернизациялоо, иштетүү жана сактоо боюнча долбоорлорду иштеп чыгып, ишке ашыруу максатында мамлекеттик жана жеке өнөктөштөр менен кызматташуу;

– илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын өндүрүшкө жайылтуу жана аларды коммерциялаштыруу, мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө катышуу;

– университеттин туруктуу өнүгүүсүн, инклюзивдик өсүүсүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн анын билим берүүчү жана инновациялык потенциалын "жашыл" саясат жана санариптештирүү жолу менен жогорулатуу.

## 2.3. Университеттин негизги милдеттери:

– инсандын мектепке чейинки билим, жалпы (баштапкы, негизги жана орто) билим, кесиптик (баштапкы, орто, жогорку жана ЖОЖдон кийинки) билим, кошумча билим (балдарга, чоңдорго билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү) алуусу аркылуу анын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүндөгү керектөөлөрүн канааттандыруу;

– коом менен мамлекеттин жогорку жана орто кесиптик билими бар квалификациялуу адистерге, жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу;

– илимий-педагогикалык кызматкерлер менен билим алуучулардын илимий изилдөөлөрү жана чыгармачыл ишмердиги аркылуу илимди, маданият менен искусствону өнүктүрүү, алынган жыйынтыктарды билим берүү процессинде колдонуу;

– жогорку билимдүү кызматкерлерди, жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кызматкерлерди, жетекчи кызматкерлер менен адистерди Университеттин профилдери боюнча даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

– коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактап, көбөйтүү;

– билим алуучуларды патриоттук сезимге, элди, кыргыз элинин улуттук салттары менен руханий мурастарын сыйлоого жана сүйүүгө, Университеттин кадыр-баркына аяр мамиле жасоого тарбиялоо;

– билим алуучулардын жарандык позициясын, эмгекке, азыркы кездеги цивилизация жана демократия шарттарында жашоо жөндөмүн калыптандыруу;

– калк арасында билимди жайылтып, калктын билимдүүлүгүн жана маданий деңгээлин жогорулатуу.

– илимий жана илимий-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, адистерди аспирантура, докторантура, PhD/профиль боюнча докторантура аркылуу даярдоону ишке ашыруу;
– илимий-педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоону ишке ашыруу;
– жогорку билим берүүнү системалык модернизациялоону камсыздоо;
– инновациялык тажрыйбаларды жайылтууга көмөктөшүү;
– билим берүү жана илим жаатында коомдук маанилүү иш-чараларды уюштуруп, өткөрүү;
– Университеттин алдынкы чет өлкөлүк билим берүүчү жана изилдөөчүлүк борборлоруна карата атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу;
– республикалык бюджеттен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу илимий жана илимий-техникалык программалар менен долбоорлордун сынактарына катышуу;
– эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар менен биргеликте же алардын тапшырыгы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана иштелмелерди иштеп чыгуу, маданий, социалдык жактан багытталган, анын ичинде квалификацияны жогорулатуу жаатындагы билим берүү долбоорлорун, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүнүн дагы башка багыттары боюнча долбоорлорду ишке ашыруу;
– алдын ала Университеттин Көзөмөлчүлөр кеңешинин макулдугун алуу менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген билим берүүчү мекеме катарында өз алдынча ишмердикти инвестициялоо жана андан киреше алуу;
– фундаменталдуу жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү;
– илимий-басып чыгаруу ишмердүүлүгү;
– окуу-өндүрүштүк комплекстерди түзүү жана өнүктүрүү;
– калктын бардык катмарлары үчүн билим алуунун жеткиликтүүлүгү менен теңдигин камсыз кылуу;
– студенттер, окутуучулар жана кызматкерлер арасында университеттин жамаатынын ичинде акыйкаттык жана социалдык жоопкерчилик принциптерин жайылтуу.

2.4. Университет өзүнүн негизги милдеттерин аткаруу үчүн:
- окуу-методикалык, илимий изилдөөчүлүк жана башка ишмердигин уюштуруп, өркүндөтөт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүгүнүн ченемдери менен көлөмдөрүн, ошондой эле аткарылган илимий изилдөөлөр жана окуу-методикалык иштердин көлөмүн эске алуу менен ал окуу жүктөрүнүн чегин бекитет;
– мамлекеттик стандарттарга теңделген билим берүү стандарттарын иштеп чыгып, бекитет;

– белгиленген тартипте бирикмелерге кирет жана филиалдарды түзөт;

– башка илимий жана башка уюмдар менен түз байланыштарды өнүктүрөт;

– белгиленген тартипте окумуштуулук даражаларды изденип алуу боюнча диссертациялык иштерди жактоо жана окумуштуулук наамдарды ыйгаруу боюнча кеңештерди түзүүгө катышат;

– университеттин ишмердүүлүгүн башкаруу структурасын, эмгек акы төлөө шарттарын, штаттык ырааттамасын өз алдынча түзөт;

– Университеттин ички эмгек тартибинин эрежелерин жана башка локалдык ченемдик актыларды иштеп чыгып, кабыл алат;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Университет билим алуучулар контингентин өз алдынча түзөт, анын ичинде кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын жүргүзүүдө;

– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ченемдик-укуктук актыларга ылайык билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөйт;

– Илимий эмгектерди, мезгилдик жана сериялык басылмаларды басып чыгарат, илимий-техникалык маалыматтар базасын калыптандырат, конференцияларды жана башка илимий иш-чараларды өткөрөт;

– окуу куралдарын, окуу-методикалык колдонмолорду жана башка материалдарды басып чыгарат;

– эл аралык илимий кеңешмелерди, симпозиумдарды, курултайлар менен конференцияларды уюштуруп, өткөрөт жана катышат;

– чет өлкөлүк адистер менен студенттерди жумушка, стажировкага жана окууга кабыл алат;

– Университеттин окуучулары менен кызматкерлерин чет өлкөгө окууга, стажировкага жолдойт;

– өз кызматкерлерин чет өлкөлүк жана эл аралык окуу, илимий жана башка уюмдарга Университеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка каражат булактарынын чегинде иш сапарга жөнөтөт;

– маалыматтык тармактарды, программаларды, маалымат базаларын түзөт, өнүктүрөт жана колдонот;

– билим алуучулар менен кызматкерлер үчүн алардын акыл-эстик жана чыгармачыл потенциалын ишке ашыруусу, спорт менен машыгуусу, эс алуусу, анын ичинде Университетке бекитилип берилген мүлктүн базасында түзүлгөн спорттук-ден соолук чыңдоочу студенттик лагерлерде эс алуусу үчүн шарт түзөт;

– Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктө инновациялык долбоорлорду ишке ашырат:

– республикалык бюджеттин, атайын каражаттардын (бюджеттен тышкаркы каражаттардын), чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн каражаттарынын, ошондой эле тартылган кошумча финансылык жана материалдык каражаттардын эсебинен университеттин ишмердүүлүгүнүн

негизги түрлөрүнүн материалдык-техникалык базасын камсыз кылат жана жабдыйт;

– аракеттеги ченемдик-укуктук жана локалдык актыларда аныкталган кызматтык маяналарга үстөктөрдү жана кошумча төлөмдөрдү, кызматкерлерди сыйлоонун тартибин жана өлчөмдөрүн белгилейт;

– илимий-техникалык жана социалдык өнүктүрүү, материалдык колдоо көрсөтүү жана иши Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка фонддорду түзөт;

– Университет окуу үчүн акы төлөөнүн наркын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кошумча акы төлөнүүчү ишти жүзөгө ашырууда илимий жана башка продукцияларга бааларды өз алдынча белгилейт;

– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген белгиленген тартипте чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен келишимдерди түзөт, алардын ишине катышат;

– табигый, техникалык, гуманитардык, колдонмо жана коомдук илимдер жаатындагы илимий-изилдөө иштерин (мониторингди камтып) жүргүзөт;

– техниканын, технологиялардын, материалдардын, заттардын, приборлордун жана жабдуулардын жаңы үлгүлөрүн түзүү жана жайылтуу боюнча тажрыйбалык-конструктордук жана долбоордук-технологиялык иштерди жүргүзөт;

– студенттерди туруктуу өнүктүрүү иш-чараларына, экологиялык иш-чараларды уюштурууга, айлана-чөйрөнү сактоого жана жашоо сапатын жакшыртууга көмөктөшүүчү долбоорлорго жана программаларга тартат;

– Университет коммерциялык жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында тыюу салынбаган киреше алып келүүчү башка иштерди жүзөгө ашырат. Мындай иш-аракет катары пайда алып келүүчү товарларды өндүрүү жана кызматтарды көрсөтүү таанылат.

## 3. Университеттин структурасы

3.1.Университет Көзөмөлчүлөр кеңеши менен макулдашуу боюнча ички уюштуруу-башкаруу структурасын өз алдынча аныктайт.

3.2.Университеттин курамында институттар, факультеттер, окуу-илимий борборлору, окуу-өндүрүштүк комплекстери, филиалдары, кафедралары, лабораториялары, өндүрүштүк, административдик-чарбалык жана башка түзүмдүк бөлүктөрү бар.

3.3. Университеттин түзүмдүк бөлүктөрү юридикалык жактын статусусуз түзүлөт. Университет Кыргыз Республикасынын региондорунда жана анын чегинен сырткары юридикалык жактын статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрдү түзө алат.

3.4. Университеттин түзүмдүк бөлүктөрү, ошондой эле түзүмдүк бөлүктөрү менен өз ара аракеттенүүсүнүн формасы жана мазмуну Университеттин Уставы жана тиешелүү түзүмдүк бөлүктөр жөнүндө жоболор менен аныкталат.

3.5. Университет өзүнүн түзүмдүк бөлүктөрүнүн статусун жана аталышын, алардын ишин уюштуруу тартибин, ошондой эле алардын башкаруусуна жана кызматкерлерине талаптарды өз алдынча аныктайт.

3.6. Университеттин түзүмдүк бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле ректор тарабынан бекитилген локалдуу ченемдик актылардын негизинде иштейт.

3.7. Туруктуу өнүгүү үчүн Университет "жашыл" жана санариптик кампустарды өнүктүрөт.

## 4. Университеттин билим берүү кызматтарынын тизмеси жана аларды сунуштоонун тартиби

4.1. Университет билим берүү программаларын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген лицензияларга ылайык жана (же) КУУнун лицензиялары менен ишке ашырат. Университет жаңы адистиктерди жана адистерди даярдоонун багыттарын ачууга укуктуу.

4.2. Университетте адистерди даярдоо деңгээли боюнча программалар, интеграцияланган билим берүү окуу программалары (дисциплиналар аралык, ЖОЖдор аралык, эл аралык) жана кошумча билим берүү программалары ишке ашырылышы мүмкүн.

4.3. Университетте окутуу күндүзгү, сырттан, күндүзгү-сырттан (кечки) окутуу формаларында, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен экстернат формасында, ошондой эле жумуш ордунда жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.4. Университетте негизги билим берүү программалары мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим берүүнүн тиешелүү деңгээлдери боюнча ишке ашырылат.

4.5. Университетте жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программалары боюнча билим берүү процессин уюштуруу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

4.6. Негизги билим берүү программасы өзүнө Окуу планын, окуу курстарынын, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана окуучуларды даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарды, ошондой эле окуу жана өндүрүштүк практиканын программаларын, календардык окуу графигин жана тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдарды камтыйт, ал мамлекеттик башкаруу органы тарабынан иштелип чыгуучу орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен университет тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

4.7. Университет жыл сайын илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен негизги билим берүү программаларын (окуу планында

белгиленген дисциплиналардын (модулдардын) курамын жана (же) окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларынын, окуу жана өндүрүштүк практиканын программаларынын, тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдардын мазмунун) жаңылап турат.

4.8. Билим алуунун түрдүү формаларын айкалыштырууга жол берилет.

4.9. Билим алуунун бардык формалары үчүн, анын ичинде конкреттүү билим берүү программасынын чегинде алар айкалышкан учурда бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты колдонулат.

4.10. Дистанттык технологияларды колдонуу менен окутуунун күндүзгү формасы жана сырттан окуу формасы боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү:

- бакалаврларды даярдоо үчүн – кеминде төрт жыл (күндүзгү окуу формасы), беш жылдан кем эмес (сырттан-аралыктан окутуу формасы);
- адисти даярдоо үчүн – беш жылдан кем эмес (күндүзгү окуу формасы), алты жылдан кем эмес (сырттан окуу формасы);
- жогорку кесиптик билим берүүнүн базасында тиешелүү багытта магистрлерди даярдоо үчүн – эки жылдан кем эмес (күндүзгү окуу формасы); эки жыл алты айдан кем эмес (сырттан окуу формасы).

4.11. Кесиптик жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын (бакалавр программаларын, адистерди даярдоо программаларын же магистратура программаларын) өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү белгилениши мүмкүн болгон даярдоо багыттарынын (адистиктердин) тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан белгиленет.

4.12. Тиешелүү профилдеги орто жана жогорку кесиптик билими бар адамдар Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык тездетилген программалар боюнча жогорку кесиптик билим ала алышат.

## 5. Университетке кабыл алуунун тартиби

5.1. Университет Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык абитуриенттерди кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгат жана бекитет. Университет студенттердин санын өз алдынча аныктайт жана студенттерди кабыл алуу планын бекитет, ошондой эле акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтерин өз алдынча түзүп, бекитет.

5.2. Университетке кабыл алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык жүргүзүлөт. Университет билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана кабыл алуу

тартибине каршы келбеген жыл сайын кабыл алуу эрежелерин иштеп чыгат жана бекитет.

5.3. Университет Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген тиешелүү лицензиялары, (же) КУУнун билим берүү программасынын лицензиялык статусу жөнүндө өзүнүн үлгүсүндөгү документи болгондо гана билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн кабыл алууну жарыялайт.

5.4. Кабыл алууда Университет тапшыруучуларды же алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) ушул Устав, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан билим берүү ишин жүзөгө ашырууга берилген лицензия же КУУнун лицензиялары, университеттин мамлекеттик жана (же) аккредитациялоо жөнүндө күбөлүгү жана билим берүү процессин уюштурууну жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

5.5. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алуунун көзөмөл цифраларынын чегинде мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн келишимдердин негизинде Түзүүчү тарабынан белгиленген квотага ылайык жарандарды максаттуу кабыл алуу үчүн тийиштүү профилдеги адистерди даярдоого көмөк көрсөтүү максатында орундарды бөлүп берүүгө, ошондой эле ал орундарга өзүнчө сынак уюштурууга укуктуу.

5.6. Кыргыз Республикасынын жарандарын – абитуриенттерди кабыл алуу ЖРТынын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт, ал эми чет өлкөлүк жарандарды орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча кабыл алуу АИС аркылуу жүргүзүлөт.

5.7. Университетке жалпы орто билими же орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документи бар Кыргыз Республикасынын жарандары кабыл алынат.

5.8. Магистратура программалары боюнча окуу үчүн сынакка катышуу укугу менен жогорку кесиптик билими бар адамдар пайдаланышат.

5.9. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ошондой эле эл аралык келишимдерде белгиленген тартипте кабыл алынат.

5.10. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерден пайдаланган жарандар сынактан тышкары кабыл алынат.

5.11. Университетте студенттик контингентти түзүү адистерди даярдоого мамлекеттик билим берүү тапшырыктарын (билим берүү гранттарын) жайгаштыруу, ошондой эле жарандардын өздүк каражаттарынын жана башка булактардын эсебинен окууга акы төлөө аркылуу ишке ашырылат.

5.12. Университетке келип түшкөн документтерди кабыл алууну уюштуруу, университеттин студенттеринин курамына кабыл алуу жол-жоболорун өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясы уюштурулат. Документтерди жана университетке кабыл алуу тартиби кабыл алуу эрежелери менен жөнгө салынат.

5.13. Студенттердин катарына кабыл алуу үчүн тандоо жана сунуштар университеттин кабыл алуу комиссиясы тарабынан мамлекеттик башкаруу органы белгилеген мөөнөттө жүргүзүлөт. Кабыл алуунун жыйынтыгынын негизинде абитуриенттерди студенттердин катарына киргизүү жөнүндө ректордун буйругу чыгарылат.

5.14. Университет билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга студенттерди кабыл алуунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жана кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту форма боюнча жана белгиленген мөөнөттө берет.

## 6. Университеттен чыгаруунун тартиби

6.1. Билим алуучу өз демилгеси, жеке арызы боюнча ректордун буйругу менен университеттен чыгарылышы мүмкүн:

- өз каалоосу менен (конкреттүү себебин көрсөтпөстөн);
- башка окуу жайына которулгандыгына байланыштуу;
- ден соолугунун абалына байланыштуу (медицианалык мекеменин маалымкатынын негизинде);
- үй-бүлөлүк абалына байланыштуу;

6.2. Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгаруу тиешелүү окуу бөлүктүн жетекчисинин билдирүүсүнүн негизинде ректордун буйругу менен ишке ашырылат:

- академиялык карызы үчүн;
- окуу тартибин бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбоо, ЖОЖ менен байланышты жоготуу, академиялык өргүүнүн мөөнөтү бүткөндө өргүүдөн чыкпай калуу);
- ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;
- эркиндигинен ажыратууга соттолгон соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин укукка каршы аракеттерди жасагандыгы үчүн же окуусун улантуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган башка жазага тартылгандыгы үчүн;
- окуу акысына кеткен чыгымдын ордун толтурбагандыгына байланыштуу.

6.3.Окуп жаткан адамды окуудан чыгарууда ага билими жөнүндө документтин түп нускасы жана анын талабы боюнча белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

## 7. Университетте окуу процессин уюштуруу. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары менен милдеттери

7.1.Окутуу тилдерин пайдалануу тартиби Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы менен окутуунун жогорку сапатын камсыз кылуу жана студенттердин суроо-талаптарын канааттандыруу милдеттерине негиздеп,

окуу процессин кадрдык жана методикалык жактан камсыз кылуу боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен аныкталат.

7.2.Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда аныкталган тартипте акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

7.3. Окуу жылынын узактыгын, окуу сабактарынын түрлөрүн, билимди контролдоо системасын өзүнө камтыган окуу процессин уюштуруунун бардык маселелери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен регламенттелет.

7.4.Аудиториялык сабактардын узактыгы (академиялык саат) Университет тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

7.5.Университетте окуу жылы 1-сентябрдан башталат жана ушул багыт (адистик) боюнча окуу Планына ылайык аяктайт.

7.6. Аудиториялык сабактын узактыгы 40-50 мүнөт болгон академиялык саат менен ченелет. Салттуу окутуу технологиясы менен катар Кредиттик технология колдонулат.

7.7.Студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана кайра калыбына келтирүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары, ушул Устав менен жөнгө салынат.

7.8.Университет билим берүү процессин максаттуу уюштуруу, окутуунун формаларын, методдорун жана каражаттарын тандоо, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу аркылуу окуучуларга белгилүү деңгээлдеги жана багыттагы кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө шарт түзөт.

7.9.Университет билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын учурдагы жетишүүнү көзөмөлдөө, окуп жаткандарды орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо жолу менен баалайт.

7.10. Университетте окуусун аяктабаган жарандарга белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

7.11. Орто аралык аттестациялоо курстук сынактарды тапшыруу, курстук иштерди (долбоорлорду) коргоо, окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлүүчү окуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практика боюнча отчеттор түрүндө ишке ашырылат. Айрым учурларда орто аралык аттестация окуу дисциплинасын өздөштүрүү аяктагандан кийин окуу семестринин ичинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.12. Эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышкан студенттер башка жогорку окуу жайларында, анын ичинде чет өлкөлүк окуу жайларында окуган дисциплиналары менен кайра өтүмдөн өтүшү мүмкүн.

7.13. Тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуу планын жана программаларын толук аткарган студенттерге жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация тапшырууга уруксат берилет. Мамлекеттик аттестациялоонун натыйжалары боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан бүтүрүүчүгө адистиги боюнча

квалификация же багыттар боюнча академиялык даража ыйгаруу жөнүндө маселе чечилет.

7.14. Университеттин бүтүрүүчүсүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан белгиленген тартипте түзүлгөн мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан ишке ашырылат.

7.15. Университет Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөндөргө тиешелүү билим деңгээли жана (же) квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү, же өздүк үлгүдөгү университеттин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн документ берет.

7.16. Университеттин студенттеринин жана кызматкерлеринин сырткы көрүнүшү тыкан жана иштиктүү, окуу шартына ылайык болушу керек жана университеттин ректору бекиткен тиешелүү жобо менен жөнгө салынат.

7.17. Университетте окугандардын (угуучу, студент, магистрант, аспирант, докторант) укуктары жана милдеттери колдонуудагы мыйзамдар, Устав, жамааттык келишим менен аныкталат.

7.18. Ректордун буйругу менен белгиленген тартипте Университетке кесиптик орто билим берүүнүн жана кесиптик жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программалары боюнча окууга кабыл алынган адам студент болуп саналат.

7.19. Белгиленген тартипте Университетке кабыл алынган жана тиешелүү программалар боюнча окуган адамдар тиешелүү түрдө угуучунун, студенттин, магистранттын, аспиранттын, докторанттын статусун алышат. Билим алуучуларга студенттик билет, белгиленген үлгүдөгү сынак китепчеси берилет.

7.20. Медициналык көрсөткүчтөр боюнча жана башка өзгөчө учурларда Университеттин билим алуучуларына Куралдуу Күчтөргө чакырууну кийинкиге калтыруу укугун сактоо менен белгиленген тартипте академиялык өргүү берилет.

7.21. Күндүзгү формада окугандар жана мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен билим алгандар стипендиялар жана мыйзамдарда белгиленген тартипте социалдык колдоонун башка чаралары менен камсыз кылынат.

7.22. Күндүзгү формада окугандарга жана келишимдик негизде билим алгандарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте социалдык колдоо көрсөтүлөт. Келишимдик негизде окутууга акы төлөнөт. Окутуунун наркы келишимдин негизинде аныкталат жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык бекитилет.

7.23. Университет киреше алып келүүчү иш-аракеттерден алынган каражаттардын, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, мыйзам менен тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен энчилүү стипендияларды, социалдык төлөмдөрдү жана материалдык колдоонун башка түрлөрүн белгилөөгө укуктуу.

7.24. Башка шаардан келгендерге жана муктаж болгондорго окуу мезгилинде Ректор тарабынан бекитилген жатакана жөнүндө жобого ылайык жатакана берилиши мүмкүн. Жатаканада жашаган ар бир билим алуучу менен белгиленген формадагы келишим түзүлөт.

7.25. Университеттин студенттери жоболорго ылайык башка жогорку окуу жайларына өтүүгө укуктуу. Университетте окуусун улантуу үчүн башка жогорку окуу жайларынан чыгарылган адамдарды кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети бекиткен Жобого ылайык жүргүзүлөт.

7.26. Университетте билим алуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

– Окумуштуулар кеңешине шайланууга жана шайлоого;

– коомдук бирикмелер жана университеттин башкаруу органдары аркылуу университеттин ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга укуктуу;

– китепканаларды, маалыматтык фонддорду, окуу, илимий жана башка бөлүмдөрдүн кызматтарын университеттин жергиликтүү актыларында белгиленген тартипте акысыз пайдаланууга укуктуу;

– илимий-изилдөө иштерине, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга укуктуу;

– публикацияга, анын ичинде Университеттин басылмаларына өз эмгектерин басып чыгарууга сунуштоого укуктуу;

– Университеттин администрациясынын буйруктарына жана буйрутмаларына мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга укуктуу;

– окуудагы өзгөчө ийгиликтери жана университеттин илимий-изилдөө жана коомдук иштерине активдүү катышкандыгы үчүн моралдык жана (же) материалдык жактан кызыктыруучу сыйлык алууга;

– билим берүү стандартынын, ошондой эле университет өз алдынча белгилеген билим берүү стандарттарынын жана талаптарынын чегинде, Окумуштуулар кеңешинин чечимине ылайык жекече окуу пландары боюнча окутууга;

– мамлекеттик кесиптик билим берүү стандарттарынын талаптарын алар сактаган шартта өз билиминин мазмунун калыптандырууга катышууга укуктуу. Көрсөтүлгөн укук жогорку окуу жайынын студенти менен ага билим алууга жана андан ары ишке орношууга көмөк көрсөтүүчү жеке же юридикалык жактын ортосунда түзүлгөн келишимдин шарттары менен чектелиши мүмкүн;

– тандалган багыттар (адистиктер) боюнча окуу дисциплиналарынан тышкары ректордун чечими боюнча Университетте окутулуучу, ошондой эле башка жогорку окуу жайларында (алардын жетекчилеринин ортосундагы макулдашуу боюнча) окутулуучу ар кандай окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө;

– иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген коомдук уюмдарды түзүүгө, ошондой эле КУУнун Бириккен кесиптик бирлик уюмуна кирүүгө укуктуу.

– окутуунун профили менен формасын тандоого;

– сынактарды мөөнөтүнөн мурда тапшырууга;

– окутуу процессинде Университеттин окуу-өндүрүштүк, илимий жана маданий-спорттук базаларын пайдаланууга;

– окутуу процессинде коопсуз шарттарга жана ден соолугун коргоого укуктуу;

– илимий изилдөөлөрдүн бардык түрлөрүнө, форумдарга, экспедицияларга, маданий-агартуу иш-чараларына катышууга, кафедраларда, илимий изилдөө мекемелеринде, конструктордук жана технологиялык уюмдарда илимий изилдөө иштерин аткарууга тартылууга;

– тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынан төмөн болбогон билим жана кесиптик көндүмдөрдү алууга укуктуу;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети аныктаган тартипте башка билим берүүчү кесиптик программа боюнча окутууга же башка ЖОЖго которулууга;

– өзүнүн адамдык кадыр-баркын коргоого, өз көз карашын жана оюн эркин билдирүүгө, Университеттин администрациясынын чечимдерине билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана башка административдик органдарга даттанууга укуктуу;

– узактыгы 8-10 жумадан ашпаган жыл сайын берилүүчү эс алууларга (каникулдар);

– мыйзамдарда, ушул Уставда жана Университеттин локалдык актыларында каралган дагы башка укуктарга.

7.27. Университете окугандар төмөнкүлөргө милдеттүү:

– ушул Уставдын, жамааттык келишимдин ченемдерин, ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин жана университеттин башка жергиликтүү актыларын сактоого милдеттүү;

– окуу пландарында каралган тапшырмалардын бардык түрлөрүн белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга, билимге, жөндөмгө жана көндүмгө ээ болууга;

– Университеттин жергиликтүү (локалдык) актыларында башкалары каралбаса, окуу планында аныкталган окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө милдеттүү түрдө катышууга;

– Коомдогу моралдык жана адеп-ахлактык ченемдерди сактоого;

– Университеттин мүлкүн сактоого, ал тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толуктоого;

– жогорку квалификациялуу адистин келечеги үчүн зарыл болгон илимий жана маданий көз карашка ээ болууга;

– окутуучулар менен студенттердин адамдык кадыр-баркын сыйлоого;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган дагы башка милдеттенмелерди аткарууга.

7.28. Университеттин угуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

– даярдоо курсундагылар;

– түзүмдүк бөлүктөрдөгү квалификацияны жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо курстарындагылар.

7.29. Билим берүү кызматтарын алууга карата угуучулардын укуктук абалы окутуунун тиешелүү формасындагы Университеттин студентинин статусуна ылайык келет.

7.30. Ушул Уставдын, ички тартип эрежелеринин, университеттин башка локалдык актыларынын талаптарын сактабаган, Окуу планын белгиленген мөөнөттө аткарбаган билим алуучуларга карата төмөнкүдөй тартиптик жазалар колдонулушу мүмкүн: Эскертүү, сөгүш, Университеттен чыгаруу.

## 8. Университеттин кызматкерлери

8.1. Университетте төмөнкү кызматтар каралган: ректор, проректорлор, директорлор, факультеттердин декандары, кафедра башчылары, илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), инженердик- техникалык, административдик-башкаруучулук курам, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка кызматкерлер.

8.2. Университетттеги кызматкерлердин укуктары менен милдеттери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, ушул Устав, Жамааттык келишим, ички тартип эрежелери жана башка локалдык ченемдик актылар менен аныкталат.

8.3. Университет Көзөмөлчүлөр кеңеши менен макулдашып, кызматкерлердин штаттык санын өз алдынча аныктайт.

8.4. Административдик-башкаруучулук кызматкерлердин, профессордук-окутуучулук курамдын, окуу-көмөкчү, инженердик-техникалык жана башка кызматкерлердин кызмат орду келишимдик негизде алмаштырылат.

8.5. Университет административдик-башкаруучулук кызматкерлердин, профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартибин өз алдынча аныктайт. профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарына жумушка кабыл алуу келишимдик негизде жүргүзүлөт. Эмгек келишимин түзүү Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын KPI рейтингинин жыйынтыгы боюнча ишке ашырылат.

8.6. Административдик-башкаруучулук курамдын, профессордук-окутуучулук курамдын кызматкерлерин жана Университеттин башка кызматкерлерин жумушка кабыл алуу жана бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык, ошондой эле келишимде жана Университеттин башка локалдык ченемдик актыларында каралган шарттарда жүргүзүлөт.

Ректор профессордук-окутуучулук курамды KPI рейтингинин жыйынтыгын эске алуу менен кызматка дайындап, ээлеген кызматынан бошотот. KPI рейтингинин тартиби менен мезгилдүүлүгүн аныктоо Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актыларында каралат.

8.7. Административдик-башкаруучулук курамдын кызматтарына биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор, башка проректорлор, институттардын директорлору, жогорку мектептин директорлору, колледждердин директорлору, факультеттердин декандары, ошондой эле ректораттын түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилери менен кызматкерлери кирет.

8.8. Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор жана башка проректорлор Университеттин ректору тарабынан кызматка дайындалып, кызматтан бошотулат.

Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор жана башка проректорлордун эмгек келишиминин мөөнөтүнүн аякташы ректордун ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн аякташына туура келет.

Проректорлор менен башка жетекчи кызматкерлер ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү ректордук буйругу менен белгиленет жана Университеттин жалпы жамаатына бул кабар жеткирилет.

8.9. Институттардын директорлору, факультеттердин декандары, жогорку мектептердин директорлору, ошондой эле колледждердин директорлору окумуштуулук даражасы жана тиешелүү наамы бар адистердин ичинен Университеттин ректорунун буйругу менен кызматка 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Университеттин ректору институттун директорунун, факультеттин деканынын, жогорку мектептин директорунун, ошондой эле колледждин директорунун ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугу жөнүндө маселени KPI рейтингинин жыйынтыгын эске алуу менен карап чыгат. KPI рейтингинин тартиби менен мезгилдүүлүгүн аныктоо Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актыларында каралат.

Университеттин ректору ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгына байланыштуу кызмат ордунан бошотуу тууралуу маселени карап чыгат.

8.10 Профессордук-окутуучулук курамдын кызматтарына: кафедра башчысы, билим берүү программасынын жетекчиси, профессор, доцент, ага окутуучу, окутуучу, ассистент кирет.

8.11. Кафедра башчысы, билим берүү программасынын жетекчиси кызматына Университеттин ректорунун буйругу менен окумуштуулук даражасы жана тиешелүү наамы бар адистердин ичинен 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Университеттин ректору кафедра башчысынын, билим берүү программасынын жетекчисинин, профессордун, доценттин, ага окутуучунун, окутуучунун, ассистенттин ээлеген кызматына ылайыктуулугу жөнүндө маселени KPI рейтингинин жыйынтыгын эске алуу менен карап чыгат. KPI рейтингинин тартиби менен мезгилдүүлүгүн аныктоо Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актыларында каралат.

8.12. Илимий кызматтарга илимий-изилдөө уюмдарынын жетекчилери, бөлүм башчылары жана башкы илимий кызматкер, жетектөөчү илимий

кызматкер, улуу илимий кызматкер, илимий кызматкер жана кичи илимий кызматкер кызмат орундары кирет.

8.13. Эмгек мыйзамдарына ылайык жана Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актыларында белгиленген критерийлерге ылайык Ректор административдик-башкаруу персоналынын, профессордук-окутуучулук курамдын, окуу-көмөкчү, инженердик-техникалык жана башка персоналдын кызматкерлеринин ээлеген кызматына ылайыктуулугу жөнүндөгү маселени карайт.

8.14. Окуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн сактоо максатында административдик-башкаруу персоналынын, профессордук-окутуучулук курамдын, илимий уюмдардын, окуу-көмөкчү, инженердик-техникалык жана башка персоналдын кызматкерлеринин кызмат ордуна жумушка кабыл алууга 1 жылдан ашпаган мөөнөткө эмгек келишимин түзүүгө жол берилет.

8.15. Университеттин кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:

– Университеттин Окумуштуулар кеңешинин курамына шайлоого жана шайланууга;

– Университеттин ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелерди талкуулап, чечүүгө катышууга;

– Окуу жана илимий түзүмдүк бөлүктөрдүн китепканаларынын, маалыматтык фонддорунун кызматтарын, ошондой эле социалдык-тиричилик жана Университеттин башка түзүмдүк бөлүктөрүнүн тейлөө кызматтарын, Университеттин жамааттык келишими жана башка локалдык актыларын пайдаланууга;

– Университеттин администрациясынын буйруктары менен буйрутмаларына мыйзамдарда белгиленген тартипте арызданууга;

– Ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген коомдук уюмдарды түзүүгө, ошондой эле КУУнун бириккен кесиптик бирлик уюмуна кирүүгө.

8.16. Университеттин кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

– Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамын жана башка мыйзамдарын, ушул Уставды сактоого;

– Эмгек келишиминде каралган ага жүктөлгөн эмгек милдеттенмелерин абийирдүүлүк менен аткарууга;

– Университеттин ички тартип эрежелерин жана локалдык актыларын сактоого;

– Университеттин башкаруу органдарынын чечимдерин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарын аткарууга;

– Университеттин аймагында тартипти сактоо жана Университеттин мүлкүнө аяр мамиле жасоого;

– аларга жүктөлгөн милдеттерин жүйөлүү себептер менен аткара албай турганы жөнүндө Администрацияны өз учурунда кабарлоого;

– өз эмгек милдеттерин аткарууга байланыштуу белгилүү болуп калган Университеттин кызматкерлери менен билим алуучуларынын персоналдык маалыматтарын жайылтпоого;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголуучу мамлекеттик жана башка купуя сырды жайылтпоого.

8.17. Университеттин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Университеттин Уставына, эмгек келишимдерине, ички тартип эрежелерине, кызматтык нускамаларга жана башка локалдуу актыларга ылайык дагы башка милдеттерди аткарышат.

8.18. Университеттин кызматкерлерине билим берүүчү, методикалык, илимий, тарбиялык жана башка ишмердүүлүгү үчүн ушул Уставда, Жамааттык келишимдин ченемдеринде каралган түрдүү формадагы моралдык жана материалдык кызыктыруучу сыйлыктар белгиленет.

8.19. Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлер төмөнкүлөргө укуктуу:

– Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык, анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына, Университет тарабынан өз алдынча белгиленүүчү билим берүү стандарттары жана талаптарына ылайык окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) мазмунун аныктоого;

– билим алуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк толук жооп берүүчү жана окуу процессинин жогорку сапатын камсыз кылуучу окутуунун методдору менен каражаттарын тандоого;

- билим берүүнүн мазмунунун жогорку илимий деңгээлин, жаңы фундаменталдык билим алууну камсыз кылган өткөрүлүп туруучу илимий изилдөөлөргө катышууга;

– өз кесиптик ишмердигин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыздоого;

– окуу, илимий жана Университеттин ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнүн маселелерин талкуулап, чечүүгө катышууга;

– белгиленген тартипте имараттардагы жайлар менен маалыматтык фонддорду, лабораториялардын, кабинеттердин, китепканалардын, эсептөө борборунун, окуу жана илимий мекемелердин, социалдык-тиричилик, маданий жана башка бөлүктөрдүн кызматтарын колдонууга;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Университеттин администрациясынын буйруктары менен буйрутмаларына арызданууга.

8.20. Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

– Окуу жана илимий процесстеринин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга, билим алуучулардын өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;

– кафедралардын методикалык ишине активдүү катышууга, окуу процессин өркүндөтүүгө, студенттерди, угуучуларды, аспиранттарды жана билим алуучулардын дагы башка категорияларын окутуунун жаңы, көбүрөөк натыйжалуу формалары менен методдорун издөөгө, окутууда заманбап

окутуу технологиялары менен окутуунун техникалык каражаттарын колдонууга;

– даярдоонун тандалган багыты боюнча билим алуучулардын кесиптик сапаттарын калыптандырууга;

– билим алуучулардын жеке кадыр-баркын сыйлоого, алардын маданий жана физикалык өнүгүүсүнө кам көрүүгө, аларга өз алдынча ишин уюштурууга жардам берүүгө;

– илимий ишмердик жүргүзүп, ага студенттерди, угуучуларды, аспиранттарды жана билим алуучулардын башка категорияларын активдүү тартууга;

– студенттердин өз алдынчалуулугүн демилгелүүлүгүн, чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, аларды жогорку адеп-ахлактык ченемдерге тарбиялоого, азыркы учурдагы цивилизация менен демократия шарттарындагы эмгекке калыптандырууга;

– өз билими менен квалификациясынын деңгээлин такай жогорулатып турууга, студенттерди активдүү тартуу менен илимий изилдөөлөрдү жана чыгармачыл иштердин башка формаларын жүргүзүүгө, ушул Уставдын ченемдерин аткарууга.

8.21. Педагогикалык кызматкерлер үчүн окуу жүгү Университет тарабынан алардын квалификациясы менен кафедранын профилине жараша Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык белгиленет. Окуу жылы ичинде студенттердин факты түрүндөгү контингентинин өзгөрүшүндө жумуш берүүчү окутуучулардын окуу жүгүн көбөйтүү жагына да, азайтуу жагына да карай өзгөртүшү мүмкүн.

8.22. Педагогикалык кадрларды штаттардын кыскарышына байланыштуу жумуш берүүчүнүн демилгеси боюнча жумуштан бошотууга Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык окуу жылы аяктаганда гана жол берилет.

8.23. Университетте эмгек акы төлөө системасы, ошондой эле кызматкерлерди материалдык жана (же) моралдык жактан колдоо формасы эмгек акысын төлөө жөнүндө жобо жана башка ченемдик, локалдуу актылар менен белгиленет.

## 9. Университеттин илимий ишмердүүлүгү

9.1.Университеттин илимий ишмердүүлүк жаатындагы негизги милдеттери болуп фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, окутууда жаңы илимий жетишкендиктерди жана технологияларды колдонуу, экономиканы өнүктүрүү жана өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн илим сыйымдуу (наукоемкие) долбоорлорду иштеп чыгуу, окуучулардын кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу, жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кызматкерлерди даярдоо саналат.

9.2. Университетте илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун милдеттүү шарты болуп илимий жана окуу процесстеринин интеграциясын камсыз кылуу,

ошондой эле мамлекеттик аттестациянын жана мамлекеттик аккредитациянын жыйынтыгы боюнча алынган сертификаттарга ылайык илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо эсептелет.

9.3. Университеттин илимий ишмердүүлүгү төмөнкү принциптерде түзүлөт:

– Университеттин илимий мектептерин сактоо жана өнүктүрүү;

– илимий изилдөөлөр менен окуу процессинин органикалык байланышын камсыз кылуу;

– фундаменталдык, колдонмо изилдөөлөрдүн, ошондой эле илимди, технологияларды жана техниканы өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча илимий изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштердин белгиленген чөйрөсүндө колдоо көрсөтүүгө жана дем берүүгө;

– башка университеттер, илимий уюмдар, Улуттук илимдер академиясы менен бирдикте өлкөнүн тездетилген социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуучу багыттар боюнча илимий программаларды түзүү жана аткаруу;

– илимий кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

– 9.4. Университет фундаменталдык, колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт, ошондой эле технологиялык жана бардык багыттар боюнча башка иштелмелерди ишке ашырат.

9.5.Университет илимий ишмердүүлүк жаатында:

– жыл сайын илимий изилдөөлөрдүн келечектүү багыттарын, ошондой эле илимий иштердин тематикалык пландарын иштеп чыгат;
– илимий-изилдөө иштеринин пландарынын аткарылышын, зарыл болгон теориялык деңгээлди, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн сапатын жана практикалык багытын камсыз кылат;

– республикалык максаттуу жана ведомстволук программаларды жана башка программаларды ишке ашыруунун алкагында, ошондой эле илимий жана (же) илимий-техникалык ишти колдоо фонддорунун алкагында өткөрүлүүчү гранттарды алуу сынактарына активдүү катышат;

– убактылуу чыгармачыл жамааттарды (штаттык кызматкерлерден, студенттерден, аспиранттардан ж. б. турган), анын ичинде Келишимдин негизинде башка жогорку окуу жайлардын адистерин тартуу менен түзөт, зарыл болгон учурда кошо аткаруучу катары башка уюмдарды тартат;

– илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүнүн интеграцияланышын камсыз кылат;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчиктин бардык түрүндөгү уюмдарга алар тарабынан университеттин изилдөө жана иштелмелеринин натыйжаларын практикалык колдонууда белгиленген тартипте зарыл болгон илимий-методикалык жардам көрсөтөт;

– Жарандык-укуктук келишимдердин негизинде юридикалык жана жеке жактар үчүн илимий изилдөөлөр жана иштелмелерге берилүүчү тапшырыктарды аткарат;

– Илимдин соңку жаңы жетишкендиктерин жайылтат, илимий, окуу, методикалык жана маалымдама адабияттарды басып чыгарат жана мезгилдик илимий, анын ичинде Университеттин илимий ишмердигинин жыйынтыктарын камтыган басылмалардын чыгышын ишке ашырат;

– Өзүнүн илимий-изилдөөчүлүк, маалыматтык-эсептөө жана материалдык-техникалык базасын колдойт жана өркүндөтөт.

9.6. Университеттин илимий ишин финансылык жактан камсыз кылуу республикалык бюджеттин эсебинен, бюджеттен тышкаркы булактардын, гранттардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында уруксат берилген башка булактардын өздүк каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

## 10. Университеттин илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу

10.1. Университеттин илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, уюштуруучунун локалдык актыларында белгиленген тартипте төмөнкү формаларда жүзөгө ашырылат:

Университеттин магистратурасында окуу;

– Университеттин жана башка ЖОЖдордогу, тармактык жана академиялык ИИИде, чет өлкөдөгү (Университеттин жолдомосу боюнча) аспирантурада, докторантурада жана **базалык профиль боюнча PhD докторантурасында** окуу;

– докторлук диссертацияларды даярдоо / аяктоо үчүн илимдин кандидаттарын илимий кызматкердин кызмат ордуна которуу;

– илимий, педагогикалык, чыгармачыл, өндүрүштүк стажировкалар, анын ичинде ишканаларда, илимий-изилдөө борборлорунда, башка жогорку окуу жайларында жана уюмдарда, анын ичинде чет өлкөлүк мекемелерде өтүлүүчү стажировкалардан өтүү;

– диссертациялык ишти аяктоо үчүн чыгармачыл өргүүлөр берилет;

– жогорку окуу жайлардын факультеттеринде, атайын факультеттеринде (КФК), университеттерде, квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо борборлорунда кайра даярдоодон өтүү;

– илимий-тажрыйбалык семинарлар менен конференцияларга катышуу;

– максаттуу жана университет системасы тарабынан колдоого алынган өз алдынча билим алуу.

10.2. Университеттеги аспирантура менен докторантурага кабыл алуу “Илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо жөнүндө жобого” ылайык жүргүзүлөт. Аспиранттар менен докторанттар жеке иш планын аткарбагандыгы үчүн аспирантурадан жана докторантурадан окуудан чыгарылышы мүмкүн. Докторлук диссертацияларды даярдоо үчүн эки жылга чейинки мөөнөткө илимий кызматкерлердин кызмат ордуна илимдин

актуалдуу маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдүн таанылган натыйжалары бар илимдин кандидаттары которулат.

10.3. Университеттин кызматкерлерине кандидаттык диссертацияларын бүтүрүү үчүн 3 айлык мөөнөткө жана докторлук диссертацияларын бүтүрүү үчүн 6 айлык мөөнөткө чыгармачылык өргүүлөр берилет.

10.4. Университеттин алдында илимдин доктору жана кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды жактоо боюнча адистештирилген диссертациялык кеңештер, анын ичинде ведомстволор аралык биргелешип уюштуруунун негизинде уюштурулушу мүмкүн. Кеңештердин иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан бекитилген "Адистештирилген кеңештер жөнүндө жобо" менен регламенттелет.

10.5. Билим берүү программаларын ачуу, алардын мамлекеттик же эл аралык аккредитациядан өткөрүлүшү илимий-изилдөө ишин баалоонун жана университеттин жалпы ишин баалоонун натыйжаларын эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

10.6. Квалификациясын системалык түрдө жогорулатуу Университеттин ар бир кызматкеринин түз кызматтык милдети болуп саналат.

10.7. Аспирант аспирантурада окуп жаткан учурда төмөндөгүлөргө милдеттүү:

– индивидуалдуу окуу планын толук аткарууга;

– илимдин тарыхы жана философиясы, чет тили жана адистештирүү дисциплинасы боюнча, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ошондой эле мамлекеттик тил боюнча кандидаттык сынактарды тапшырууга;

диссертация боюнча ишти аяктоого, анын ичинде алдын ала экспертизадан өткөрүүнү бүтүрүүгө.

10.8. Аспирантуранын бүтүрүүчүлөрүнө күндүзгү аспирантурада окуган мезгили илимий-педагогикалык жана илимий иш стажына эсептелет.

10.9. Докторант төмөндөгүлөргө милдеттүү:

– жыл сайын университеттин Окумуштуулар кеңешине жеке иш планынын аткарылышы жөнүндө отчет берип турууга;

– докторантурада окуп жаткан мезгилде диссертациянын үстүнөн иштөөнү бүтүрүп, талкууга коюуга;

– Окуу пландарын жана окуу графиктерин аткарбоо, тартипти, Уставдын талаптарын жана ички тартип эрежелерин бузуу билим алуучуларга Университеттен чыгарууга чейин тиешелүү тартиптик таасир этүү чараларын колдонууга алып келиши мүмкүн.

## 11. Университеттин башкаруу органдары жана алардын компетенциялары

11.1. Университетти башкаруу формалары болуп Окумуштуулар кеңеши менен Көзөмөлчүлөр кеңеши саналат. Башкаруу органдарын тандоонун

тартиби жана алардын компетенциясы, Кеңеш менен билим берүү уюмунун жетекчисинин ортосундагы ыйгарым укуктарды чектөө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жана ушул Устав менен аныкталат.

11.2. Университетти башкарууга төмөнкү шайлоо органдары катышат:

– окуу, илимий-изилдөө, методикалык иштер, комплектөө жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жаатында – Окумуштуулар кеңеши;

– финансылык ишмердүүлүк жаатында - Көзөмөлчүлөр кеңеши.

– Университетте ишмердүүлүктүн ар кандай багыттары боюнча башка кеңештер жана комитеттер түзүлүшү мүмкүн. Бул кеңештерди түзүүнүн жана ишинин тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган жоболор менен аныкталат.

– Университетти түздөн-түз башкаруу Ректор тарабынан ишке ашырылат, аны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти дайындайт. Ректор кызматка 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Бир эле адам университеттин жетекчисинин ишмердигин он жылдан ашык жүргүзө албайт.

Ректор билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу боюнча Президент тарабынан ээлеген кызмат ордунан бошотулушу мүмкүн.

11.3. Университеттин ректору:

– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат;
– университеттин атынан аракеттенет, башка мамлекеттик жана башка уюмдарда, мекемелерде анын кызыкчылыгын коргойт;
– университеттин ишинин натыйжасы, билим берүүнүн сапаты жана адистерди даярдоо билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келиши үчүн жооптуу;
– Университеттин уюштуруучулук түзүмүн аныктайт, макулдашат жана белгиленген тартипте бекитет;
– Университеттин ушул Уставына ылайык анын кадрдык курамын түзөт;

– Көзөмөлчүлөр кеңеши менен макулдашуу боюнча Университеттин сметасын бекитет жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт;

– университеттин биринчи проректорун – окуу иштери боюнча проректорун жана башка проректорлорун, башкы бухгалтерди, институттардын жана жогорку мектептердин директорлорун, факультеттердин декандарын жана кафедра башчыларын, колледждердин директорлорун жана башка түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот;

– кызматкерлерди, анын ичинде илимий-педагогикалык кызматкерлерди жумушка алууну, бошотууну жана башка кызматка которууну,

университеттин бардык кызматкерлери менен эмгек келишимдерин түзүүнү, өзгөртүүнү жана бузууну ишке ашырат;

– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте жана ушул Уставдын негизинде мүлктөрдү жана каражаттарды тескейт;

– Келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсептерди ачат;

– Университеттин ички тартип эрежелерин жана штаттык ырааттаманы бекитет;

– Башкаруунун ички түзүлүшүн жана кызматкерлердин штаттык санын Көзөмөлдөөчүлөр кеңеши менен макулдашуу боюнча өз алдынча аныктайт;

– Университетти өнүктүрүүнүн стратегиясын түзөт;

– ишеним катсыз университеттин атынан иштейт, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар менен болгон мамилелерде анын кызыкчылыктарынын атынан чыгат; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык Университеттин билим берүү, илимий, чарбалык жана финансылык ишин жетектейт;

– Университеттин Окумуштуулар кеңешин жетектейт;

– КУУнун Окмуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;

– Университеттин Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысынын талапкерлигин Университеттин Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунуштайт;

– факультеттин Окумуштуулар кеңешинин жана башка түзүмдүк бөлүктөрдүн чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же ушул Уставга каршы келсе, аларды убактылуу токтотот;

– компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарат, бардык кызматкерлер жана билим алуучулар үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;

– университеттин локалдык ченемдик актыларын бекитет;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык университеттин атынан башка иштерди жүргүзөт.

11.4. Проректорлор эмгек келишими боюнча ишке кабыл алынат, анын мөөнөтү ректордун ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө дал келет.

11.5. Проректорлор өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырышат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, университеттин локалдык ченемдик актыларына ылайык жеке жоопкерчилик тартышат.

11.6. Проректорлордун саны адистерди сапаттуу даярдоону жогорулатуу жана Университетти өнүктүрүү максатында объективдүү зарылдыкка жараша Көзөмөлчүлөр кеңеши менен макулдашуу боюнча университеттин ректору тарабынан аныкталат.

11.7. Бардык түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилери университеттин ректору тарабынан дайындалат жана Ректор тарабынан бекитилген кызматтык нускамаларга ылайык укуктардын жана милдеттердин чегинде жетекчилик

кылат. Түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана университеттин локалдык ченемдик актыларына ылайык өз ыйгарым укуктарынын чегинде жеке жоопкерчилик тартышат.

11.8. Окуу, илимий изилдөө, методикалык иштер, илимий-педагогикалык кадрларды комплектөө жана даярдоо жаатында университеттин жалпы жетекчилигин шайлануучу орган - университеттин Окумуштуулар кеңеши ишке ашырат, анын төрагасы ректор болуп эсептелет.

11.9. Окумуштуулар кеңеши университеттин коомдук-коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат.

11.10. Окумуштуулар кеңешин түзүүнүн тартиби, анын ыйгарым укуктары, регламенти жана компетенциялары "Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо" жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

11.11. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин курамы Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобого ылайык түзүлөт.

11.12. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 2 (эки) жылдан ашпайт.

11.13. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда шайлоо анын мүчөлөрүнүн кеминде жарымынын талабы боюнча өткөрүлөт.

11.14. Университеттин Окумуштуулар кеңеши:

– эмгек жамаатынын жалпы жыйынын (конференцияны) чакырып, өткөрүү жөнүндө чечимди кабыл алат;

– жалпы жыйынга (конференцияга) делегаттарды шайлоо тартибин аныктайт, документацияны даярдап, конференцияны өткөрүүнү ишке ашырат;

– Университеттин ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ушул Уставдын сакталышына жалпы көзөмөл жүргүзөт;

– университеттин окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана маалыматтык-талдоо иштери боюнча, кадрларды даярдоо, эл аралык байланыштарды ишке ашыруу маселелерин чечет, анын ичинде жумушчу окуу пландарын жана программаларын бекитет, кафедралардын окуу пландарын координациялоо маселелерин чечет, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу мөөнөттөрүн кошкондо окуу процессин уюштуруу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат, окуу жылынын башталыш мөөнөтүн жылдырат, илимий-изилдөө иштеринин пландарын түзүү тартибин бекитет;

– Ректордун жыл сайын берилүүчү отчётун угат;

– окуу, окуу-методикалык, илимий, финансылык-чарбалык жана тарбиялык иштер боюнча университеттин проректорлорунун, түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилеринин, анын ичинде өз алдынча чарбалык эсептерде иштеген жетекчилеринин отчетторун угат жана андан ары өркүндөтүү боюнча чараларды көрөт;

– Университеттин финансылык, материалдык жана эмгек ресурстарын бөлүштүрүү принциптерин аныктайт;

– профессордун жана доценттин окумуштуулук наамдарын изденүүчүлөрдүн иштерин карайт, белгиленген тартипте профессордун, доценттин окумуштуулук наамдарын ыйгарат жана аларды окумуштуулук наамга бекитүүгө сунуш кылат;

– илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктайт;

– диссертациялардын темаларын бекитет;

– Университеттин илимий изилдөө иштеринин жылдык пландарын карап чыгат;

– редакциялык-басма иштеринин маселелерин карайт;

– Кыргыз Республикасынын ардак наамдарын ыйгаруу, мамлекеттик жана тармактык сыйлыктарга жана сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө өтүнүч кат жиберет;

– Университеттин ардактуу наамдарын ыйгарат;

– Университеттин Уставына өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизет;

– Университеттин локалдык актыларын карап чыгып бекитет;

– иши интеллектуалдык иштин натыйжаларын практикалык колдонууда (киргизүүдө) турган чарбалык коомдорду уюштуруу (анын ичинде башка жактар менен бирдикте) жөнүндө чечимди кабыл алат.

– университетте эмгек акы төлөө, университеттин кызматкерлерине кошумча төлөмдөр жана үстөктөр, сыйлыктар жана башка төлөмдөр жөнүндө жоболорду, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келбеген иштин ар кандай түрлөрү боюнча башка ички локалдык актыларды (жоболорду, эрежелерди, тартиптерди) бекитет;

– илимий эмгектери жана педагогикалык ишмердүүлүгү үчүн сыйлыктарды белгилейт, университеттин гранттарын ыйгарат, университеттин атынан илимий эмгектерди мамлекеттик жана башка сыйлыктарды изденип алууга көрсөтөт;

– университеттин институттарын, филиалдарын, борборлорун, факультеттерин, кафедраларын, лабораторияларын жана башка бөлүмдөрүн түзүү жана кайра уюштуруу, жоюу маселелерин карайт;

– материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана өркүндөтүү маселелерин карайт;

– Университеттин символикасын бекитет;

- кеңири коомдук же университет ичиндеги статуска ээ болгон атайын наамдарды белгилейт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ушул Устав менен анын компетенциясына кирген башка маселелерди чечет.

11.15. Университетте Окумуштуулар кеңеши тарабынан белгиленип, ыйгарылган макамы тиешелүү жоболор менен бекитилген ардак наамдар күчкө ээ.

Бул өмүр бою сакталуучу "Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ардактуу доктору" жана "Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ардактуу профессору" наамдары, алар адеп-ахлактык максаттары үчүн жана Кыргыз Республикасы

менен Кыргыз улуттук университетинин өнүгүү стратегиясы үчүн жаратман мааниге ээ болгон эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарына жана башка мамлекеттердин жарандарына ыйгарылышы мүмкүн;

- «Ардактуу доктор» наамы мамлекеттик жана саясий ишмерлерге ыйгарылат;

– «Ардактуу профессор» наамы илим, маданият жана билим берүүнүн ишмерлерине ыйгарылат;

– «КУУнун мыкты жаш окутуучусу”, «КУУнун эмгек сиңирген кызматкери”, «КУУнун ардагери» наамдары Университеттин кызматкерлерине ыйгарылат.

– «КУУнун мыкты лектору» жана «КУУнун мыкты жаш окутуучусу» наамдары окуу жылынын жыйынтыгы боюнча бир жылга ыйгарылат.

11.16.Университеттин Окумуштуулар кеңеши өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн университеттин факультеттеринин, институттарынын окумуштуулар кеңештерине, илимий бөлүмдөрүнүн окумуштуулар кеңештерине, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, сынак боюнча илимий-педагогикалык кызматкерлердин кызмат орундарына шайлоо ыйгарым укуктарын өткөрүп берүүгө укуктуу.

11.17.Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө чечим Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

11.18.Окумуштуулар кеңешинин жыйналышы, эгерде аталган жыйналышка Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн 2/3 кем эмеси катышса, укуктуу болот.

11.19.Окумуштуулар кеңешинин компетенциясынын маселелери боюнча чечимдер мыйзамдарда белгиленген учурларды кошпогондо, жыйынга катышып жаткан окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн добуштарынын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

11.20.Окумуштуулар кеңешинин чечимдери протокол менен таризделет жана ректор буйрук чыгаргандан кийин күчүнө кирет.

11.21.Окумуштуулар кеңешинин компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдерди аткаруу бардык кызматкерлер жана билим алуучулар үчүн милдеттүү болуп саналат.

11.22.Окумуштуулар кеңеши зарылдыгына жараша, бирок айына жок дегенде бир жолу чогулат.

11.23.Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы Кеңештин чечимдеринин аткарылышын такай текшерүүнү уюштурат жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышы жөнүндө ректорго жана Кеңештин мүчөлөрүнө маалымдайт.

11.24.Университеттин түзүмдүк бөлүктөрүндө – факультеттердин жана институттардын окумуштуулар кеңештери түзүлөт.

11.25.Түзүмдүк бөлүктүн окумуштуулар кеңешин түзүүнүн жана ишинин тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат.

11.26.Көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын, университеттин ишинин ачыктыгын, ошондой эле бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү максатында биргелешип башкаруу органы болуп эсептелген жана "Көзөмөлчүлөр кеңеши жөнүндө" мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, ушул Уставга жана университеттин локалдуу ченемдик актыларына ылайык иш алып барган Көзөмөлчүлөр кеңеши түзүлөт.

11.27.Көзөмөлчүлөр кеңешинин милдеттери:

– университеттин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
– университеттин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү;
– Университеттин жарандык коом уюмдары, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

- Университетти каржылоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча булактарын тартуу.

11.28. Көзөмөлчүлөр кеңешинин ыйгарым укуктары:

– университеттин уюштуруу-башкаруу түзүмүн иштеп чыгууга жана кабыл алууга көмөктөшөт;
– университет үчүн тартылган бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдөйт;
– Университеттин финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнө тиешелүү локалдуу ченемдик актыларды карайт;
– университетти өнүктүрүүгө донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат.

## 12. Университеттин мүлктүк жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү

12.1. Университетти каржылоо булагы болуп төмөнкүлөр саналат:

– республикалык бюджеттен каражаттар;

– билим берүү, консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка мыйзамдуу иштерден алынган кирешелер;

– юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;

– жеке жана юридикалык жактар тарабынан акысыз негизде берилген гранттар;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

12.2. Университеттин мүлкү Кыргыз Республикасынын Жарандык жана Жер кодексине ылайык ага оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилет.

12.3. Университет өзүнүн уставдык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон университетке бөлүнгөн жер участоктору жана ага жанаша аймактар ага туруктуу (мөөнөтсүз) пайдалануу укугунда берилет.

12.4. Жарандык жүгүртүүдө пайдалануу үчүн чектелген же жарандык жүгүртүүдөн алынган Кыргыз Республикасынын маданий мурас объекттери (тарых жана маданият эстеликтери), маданий баалуулуктар, жаратылыш ресурстары (жер участокторун кошпогондо) Университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана башка ченемдик укуктук актылары менен аныкталган шарттарда жана тартипте бекитилип берилет.

12.5. Университеттин мүлкү мамлекеттик менчикте турат. Университетке берилген мамлекеттик мүлктү ээликтен ажыратуу мүмкүн эмес.

12.6. Университеттин мүлкүнүн ээси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети болуп саналат.

12.7. Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган мыйзамдарда аныкталган тартипте жана чектерде университетке берилген мүлккө карата менчик ээсинин функцияларын жана ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.

12.8. Университет бекитилген мүлккө мыйзамда белгиленген чектерде, өз ишинин максаттарына, мүлктүн багытына ылайык ээлик кылат, пайдаланат жана эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе, ал мүлктүн менчик ээсинин жана Мамлекеттик мүлк чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын макулдугу менен мүлктү тескейт.

12.9. Университет оперативдүү башкаруу укугунда өзүнө бекитилген мүлккө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген чектерде ээлик кылат жана пайдаланат.

12.10. Университет өзүнүн уставдык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон университетке бөлүнгөн жер участоктору жана ага жанаша аймактар ага туруктуу (мөөнөтсүз) пайдалануу укугунда берилет.

12.11. Университет мыйзамда белгиленген чектерде, өз ишинин максаттарына, мүлктүн максатына ылайык жана эгерде мыйзамда башка чектер белгиленбесе, бекитилген мүлккө ээлик кылат, пайдаланат.

12.12. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген тартипте мүлктү ижарачы жана ижарага берүүчү катарында болууга укуктуу.

12.13. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте мүлк менен башка бүтүмдөрдү жүргүзүүгө укуктуу.

12.14. Университет Көзөмөлчүлөр кеңеши менен макулдашуу боюнча атайын каражаттардын эсебинен сатып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү өз алдынча тескөөгө, ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн алынган каражаттарды тескөөгө укуктуу.

12.15. Университет өзүнүн милдеттенмелери боюнча, анын карамагындагы акча каражаттары үчүн жооп берет.

12.16. Университет атайын каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системадан тышкары мамлекеттин үлүшү бар коммерциялык банктарда банктык эсептерди ачат.

12.17. Университет жеке жана юридикалык жактар тарабынан белек түрүндө, кайрымдуулук катарында же керээз боюнча берилген акча каражаттарына, мүлккө жана башка мүлккө интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгектин анын ишмердигинин натыйжасы болуп эсептелген продуктыларына, ошондой эле университеттин өз ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерге жана менчик объектилерине карата менчик укугуна ээ.

12.18. Университетке кирген бардык каражаттар анын кирешеси деп эсептелет жана эмгек акыга, материалдык, техникалык жана окуу-методикалык базаны өнүктүрүүгө, окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдү камсыз кылууга жумшалат.

12.19. Университет өз каражаттарын пайдалануунун багыттарын жана тартибин, анын ичинде Университеттин кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө жана материалдык дем берүүгө багытталган үлүшүн өз алдынча аныктайт, билим алуучуларды жана кызматкерлерди социалдык жактан колдоо боюнча чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат.

12.20. Кызматкерлердин бардык категорияларына материалдык дем берүү маселеси жана материалдык жардамдын өлчөмү университет тарабынан колдо болгон каражаттардын чегинде өз алдынча белгиленет. Мында билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин мамлекеттик тарифтик ставкалары (окутуучулардын эмгегине саатына акы төлөөнүн ставкалары, кошумча төлөөлөр жана үстөктөр) жана кызматтык маяналары минимум катары пайдаланылат.

12.21. Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү Университет тарабынан республикалык бюджеттин, өздүк жана тартылган каражаттардын эсебинен өз алдынча ишке ашырылат. Жабдууларды сатып алууга, капиталдык оңдоого кеткен чыгымдардын өлчөмү университет тарабынан белгиленген тартипте бекитилген кирешe жана чыгаша сметаларынын чегинде болгон муктаждыкка жана финансылык каражаттардын болушуна жараша лимиттерди белгилебестен өз алдынча аныкталат.

12.22. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөө негизинде юридикалык жана жеке жактар менен келишимдер боюнча кирешe алып келүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырууга укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан билим берүү ишин жүзөгө ашырууга берилген лицензияларда же билим берүү программаларынын лицензиялык статусу жөнүндө өздүк үлгүдөгү документтерде белгиленген чектерде билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

- тиешелүү билим берүү программаларында мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралбаган акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү (университетте окууга кирүүнү каалаган адамдарды ЖОЖго чейин даярдоо, кошумча билим берүү программалары боюнча окутуу, атайын курстарды жана дисциплиналардын циклдерин окутуу, репетитордук, предметтерди тереңдетип окуп жаткандарга сабак өтүү жана башка кызматтар);

- бюджеттин жана өздүк каражаттардын эсебинен ишке ашырылуучу илимий-техникалык иштин тематикалык планынан тышкары илимий-изилдөө иштерин аткаруу;

- Университеттеги окутуу жүзөгө ашырылуучу даярдоо багыттары (адистиктер) боюнча окуу-методикалык жана илимий-методикалык иштерди аткаруу;

- фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү аткаруу, тажрыйба-конструктордук, тажрыйба-техникалык, тажрыйба-технологиялык иштерди жүргүзүү жана кадрларды даярдоо профилин эске алуу менен келечектүү техниканы жана башка буюмдарды өндүрүү;

- ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган дагы башка тейлөө кызматтарынын түрүн көрсөтүү.

12.23.Университет Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин актыларында белгиленген тартипте бухгалтердик эсепти жүргүзөт жана бухгалтердик, финансылык, статистикалык отчеттуулукту, мамлекеттик отчеттуулуктун башка түрлөрүн берет, ошондой эле салыктык эсепти жүргүзөт жана катталган жери боюнча салык органдарына бардык зарыл отчетторду жана документтерди тапшырат.

12.24.Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын жана бюджеттен тышкаркы каржылоо булактарынын пайдаланылышына ички аудит жүргүзөт.

12.25.Университетте бюджеттик жана финансылык тартип жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышына тышкы аудитти мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдары жүзөгө ашырат.

12.26.Университеттин Билим берүү процессинин катышуучулары, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бардык кызыкдар адамдар коомдук угууларга катыша алышат.

12.27.Университеттин кызмат адамдары университеттин каражаттарын максаттуу эмес пайдалангандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартиптик, административдик жана жазык жоопкерчилигине тартылат.

## 13. Университеттин эл аралык ишмердүүлүгү

13.1. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү, илимий жана (же) илимий-техникалык, окутуучулук жана башка ишмердүүлүк жаатында эл аралык кызматташууну жүзөгө ашырууга укуктуу.

13.2. Университеттин эл аралык ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары төмөкүлөр:

– студенттер, аспиранттар, докторанттар, педагогикалык жана илимий кызматкерлер менен эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышуу;

– университеттин ишмердүүлүгүнүн профили боюнча биргелешкен фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү, конгресстерди, конференцияларды, симпозиумдарды жана башка иш-чараларды өткөрүү;

– илимий изилдөөлөрдү, ошондой эле чет өлкөлүк юридикалык жактардын тапшырыктары боюнча тажрыйбалык-конструктордук иштерди жүзөгө ашыруу;

– жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнүн биргелешкен билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

– билим берүү процессине жана илимий иштерге катышуу үчүн чет өлкөлүк окутуучуларды жана адистерди чакыруу;

– окутуучуларды чет өлкөлүк билим берүү мекемелерине стажировкага, педагогикалык жана илимий иштерге жиберүү;

– чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окутуу, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарга юридикалык жана (же) жеке жактар менен келишимдер боюнча тиешелүү билим берүү программаларында жана мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралбаган акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

– чет өлкөлүк уюмдарга консультациялык кызматтарды көрсөтүү;

– эл аралык изилдөө программаларын ишке ашыруу жаатында ар кандай эл аралык уюмдардын гранттарын алууга сынактарга катышуу;

– жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүүнү өркүндөтүүнүн эл аралык программаларына катышуу;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келген эл аралык кызматташуунун башка формаларын жүзөгө ашыруу.

13.3. Эл аралык иштерге катышуу максатында университет ченемдик укуктук актыларга ылайык төмөнкүлөргө укуктуу:

– өкмөттүк эмес эл аралык уюмдарга кирүүгө;
– чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен иш-аракет жөнүндө келишимдерди түзүүгө;

– чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн катышуусу менен билим берүүчү түзүмдүк бөлүктөрдү, борборлорду, лабораторияларды, техникалык парктарды жана башка бөлүкчөлөрдү түзүүгө.

13.4. Университеттин эл аралык ишинин бардык түрлөрү өз ара эсептешүүлөрдүн же компенсациялардын формаларын караган келишимдердин (эгерде Кыргыз Республикасы менен тиешелүү мамлекеттин ортосунда түзүлгөн макулдашууларда башкасы каралбаса) негизинде аныкталат жана жүзөгө ашырылат.

13.5. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык мыйзамдарда аныкталган милдеттерди аткарууга, ошондой эле эл аралык байланыштарды өнүктүрүүгө багытталган тышкы экономикалык иш менен алектенүүгө укуктуу.

## 14. Социалдык маселелерди чечүү

14.1. Социалдык жеңилдиктерди берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Жамааттык келишим менен аныкталат.

14.2. Окутуучулардын, кызматкерлердин жана окуп жаткандардын социалдык укуктарын жана кызыкчылыктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү коомдук уюмдар коргой алат. Алардын университет менен болгон мамилесинин тартиби Университеттин Окумуштуулар кеңешинин тиешелүү чечими менен аныкталат.

14.3. Ректор, Университеттин Окумуштуулар кеңеши эмгек өргүүлөрүнүн узактыгы үчүн Университеттин өздүк каражаттарынын бир бөлүгүн бөлүп берүү, ошондой эле кызматкерлердин айрым категорияларына башка атайын жеңилдиктерди каржылоо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

## 15. Университеттин ишмердүүлүгүн регламенттөөчү локалдык актылардын түрлөрү

15.1. Университеттин кызматкерлери менен билим алуучуларынын ишин, окуусун, эс алуусун ж.б. регламенттөө максатында Университетте локалдык актылар: буйруктар, тескемелер, жоболор, эрежелер, нускамалар жана башка ченемдер, регламенттер иштелип чыгат, алар белгиленген тартипте бекитилет.

15.2. Университеттин локалдык актылары Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ушул Уставга карама-каршы келбөөгө тийиш.

## 16. Корутунду жоболор

16.1. Устав жана ага киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолор Университеттин ректорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилет.

16.2. Бул Устав Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында каттоодон өткөн учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет.

16.3. Университет Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кайра уюштурулат жана ишин токтотот.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы

баардыгы ______ барак

20___ж. "___" ______ өткөрүлдү

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на 36 листах

«21» 02 20 25 г.

Прошнуровано и пронумеровано
на 36 листах